19-август, 2021-жыл
e-mail: miratt78@mail.ru

Улуу үркүнгө 105 жыл

# Кайгылуу тарыхыбыздын каармaны

**ССР Журналисттер бириимдигинин мүчөсү, ардагер журналист Турганбек Шайыков мындан туура 30 жыл мурда, ал учурдагы Нарын радиосу аркылуу улуу үркүндүн 75 жылдыгына карата радио макала даярдаган экен. Башкы каарман Тепкедей эне менен баарлашып, ал радио макала азыркы учурда дагы облустук медиаборбордун архивинде сакталуу. Кийин макала "Кайгылуу тарыхыбыздын каармaны" аталышта автордун "Жумакемдин жан дүйнөсү жана күлкүсү" аталыштагы китебине жарыяланган. Ардагер журналисттин бул эмгеги улуу боштондук көтөрүлүш учурунун эң урунттуу табылгасы катары тарыхыбызда кала берет.**

**"Теңир Тоо" гезитинин редакциясы.**

***Кыргыз элинин 1916-жылдагы улуттук боштондук кыймылында көргөн азап-тозогу күнү бүгүн да эстен кеткис. Эки доорду көргөн, ошол 16-жылкы үркүндө Кытайдын Турпанына чейин барган, андан өз бактысын талашып, Жумгалга чейин жалгыз качып келген Тепкедей Сарала кызы-ошол кездеги тарыхыбыздын бүгүнкү жандуу күбөсү.***

Анын Кытайдын Ак Суу жергесинде көргөн азабы, качып келаткандагы башынан өткөргөндөрү Касымаалы Баялиновдун "Ажарынын" тагдырына окшоп кетет. Азыр мындай адамдар облусубузда сейрек учурайт десек жаңылышпаган болоор элек. Саяк элинин мойнок уруусунун бул кызы төрөлгөндө эле кол башындай тырмактайлыгынанбы, же тогуздун кенжеси болгондуктанбы, атын Тепкедей коюшту. Ал кенедейинен эрке, оюндагысын берген өжөр, бирок, ошончолук тирикарак, өтө ийкемдүү, жеңил, чыйрак, ал тургай атка да чабандес өстү. Айылдын эркек балдары менен тең жарыша эртеден кечке көпөлөк кууп чуркап, тай минип айылдан айыл кыдырып, эркек балдардай өскөнүанын бышык, ар нерсеге тетик болуусуна шарт түздү. Таптакыр тынч тура албаган, тентек Тепкедей өзү курдуулардан алда канча бышык эле. Мына, ошол кездеги Тепкедей апанын өзү айтып берген окуясына азыр кулак төшөп көрсөк.

Бул окуя 1913-жылы кең Жумгалдын



жолдо мал кырылып, адам өлдү, көч кулап, казан сынды, кийим жыртылып, азык түгөндү. Сараланын айылы эки ай дегенде араң Турпандын Ак Суу деген жерине келишти.

Ал жактан ким жыргаптыр, жергиликтүү көпөстөр, байлар калган дарманын

Беш калмактык башым ай.
Кара кой сойдуң жиликтеп,
Карганда бул Кытайды кайдан
таптың иликтеп?
Кызыл-кызыл койлордун көрпөсү элем,
Кыз да болсом бир үйдүн эркеси элем.
Эркелиги курусун эрге берди,
Атам көрбөгөн жерге берди.
Айланып учкан куш болдум,
Арамза кытайга туш болдум.
Башында атам кайындап,
Жайсыз жерге дайындап.
Жабыркатты жанымды.
Он түрлүү оюм бөлүнөт,
Көзүмдүн жашы төгүлөт.

бейт экен, жилик – жилик кылып соёт экен.

Качмак болдум. Бала кезде укканым бар эле. "Карышкыр үзөңгүдөн качат экен, бычактан качат экен "деп. Анан аттын кол үзөңгүсүн боосу менен чыгарып алдым. Бычак алдым, куру менен. Анан бир күнү жүгөрү үзүмүш болуп, улам ыктап олтуруп, качып чыктым. Чуркап олтуруп, чоң суугa келдим, самын таш экен. Ошол жактан эки бөбөгүм жана чоң энем өлгөн. Ошолордун мүрзөсүнө барып, ыйлап – ыйлап, анан кайра келчүмүн. Суу кечкенден кийин баягы бөбөктөрүм, чоң энем эсиме түштү. Кайра артка чуркадым. Анан суунун жай жеринен кечип, мүрзөгө бардым. Мүрзөгө барып топурактарынан

азыркы "Кызарт "совхозу орношкон жердеги чоң ат чабышта болгон экен.

- Он эки жаштамын. Чөндөлөй деген бир бай өлгөн. Жолдун боюнда атамдын тамы бар. Ылдый карата ат чапкан чоң жол бар. Аттардын баардыгын айдап өттү. Биз тамдын үстүнө чыгып карап турдук. Он чакты ат өтүп кетти. Алар кеткенден кийин бир ат шардан менен келатып эле чылбырын сүйрөп, короонун оозуна тура калды. Шатыдан секирип түшүп, мине калып эле туурасынан чаптым. Анам : "Ой, канчык кайда барасың, ой катыгүүн, бул кайда барат.?! "деп эле кыйкырып калды. Мен болгонум жок, кетип эле баратам. Бир атты он киши сүрөп эле баратат. Ошондон чаап жүрүп олтуруп (алдыга он чакты ат өтүп кеткен дебедим беле), бир жерге барганда эки аттын артына түшүп калдым. Камчыланганым чылбыр. Ошону менен жана камчыланып, жана теминсем бир аттын артына түштүм. Анан бир далай жерге барганда андан да шып эле өттүм.

Өтүп алып, алда кайда кеттим. Марадан да өтүп кеткен экемин. Анан эки бала чаап барып, "токто" деп, токтотуп, жетелеп алып (биягы да казганактаган эл, тиягы да казганактаган эл), элге алып келди. Ошондо ырчылар чыгып:

Телкулундун кара аты,
Темирден экен канаты.
Үстүндөгү баласы,
Эркек десе, кыз экен, Кыз Сайкалдын өзү экен! – деп ырдап калышты.

Баш байгеси төө баштаган тогуз экен. Атам мени Тыпын деп эркелетчү эле. "Ой, бул менин Тыпым го? – дегенде, атам менен бир тууган Бозала деген: "Кайдан келсин сенин Тыпың?" дейт. "Жок, ушул менин балам болсо керек"-деп атам келип, мени таанып, байгенин төөсүн аттын ээсине берип, калганын айдап барып, бир карасын Куйручукка берди. Куйручук мага жакын байке эле. Ал мени "илбирсим, жолборсум!" деп эркелетчү эле. Бир эчкини мага, атка садага чапты».

Мына ушундан үч жылдан кийин эле эл башына алаамат түштү. Ары жагы көлдөн толкундай түрүлүп, калк Кытайды бет алды. Тепкедейдин атасы Сарала да ага-туугандары, үйбүлөөсү менен жолго чыкты. "Жол азабы, көр азабы" дегендей, көчкүдөй шыпырды. Жашоо кыйындады, Сараланын шаштысы кетти. Анын үстүнө кыргыз жергесинде жаңы турмуш башталып жатыптыр деген кабар да угулду. Эми, кандай да болсо Сарала он түтүн туугандарын туулуп өскөн кең Жумгалга амансесен алып кетүүсү керек эле. Оор турмуш, тумоо анын эки баласын жерге жашырган. Ачарчылык алсыратып, эми калган үй-бүлөсүн, өзү баштап ага-туугандарын чогөлөтүп, тизеге чаап олтурат. Айла жоктон ойлоп тапкан сырын айылы менен кенеш кылды. Сүйлөшүү чечилди.

Жан медери 15 жашар Тепкедейди ал жердеги Токтакун байга сатты. Башка жол жок эле. Эселектиктен эстүүлүккө тез өтүп, аркы-беркини баамдап калган Тепкедей тагдырдын бүтүмүнө аргасыз макул болду. Башка арга да, чара да жогуна, ансыз эл кырылып калаарына көзү жетти, аларды аяды.

**Эми, мындан аркы тагдыры жөнүндө сөздү Тепкедей апа өзү уласа.**

Он үйбүлө Кытайга барып, бир байдын чатыр тамына кирдик. Ал жерден азыктын баардыгы түгөнгөн. Ошондо атам мени сатмакчы болду. Бир кап күрүч, бир кап жүгөрү, сексен зерге сатты. Ошентип, мени сатып, жазында – май айында мени таштап коюп кетишти. Ошондо алар кеткенде мен ыйлап:

Көгүчкөн учуп жеткисиз,
Атаке ай, Көк Ойго таштап кеттиңиз.
Көк ойдо сырга шамал жок,
Көөнүмдө турасын амал жок.
Сагызган учуп жеткисиз,
Атаке ай, Сары Ойго таштап кеттиңиз.
Сары Ойдо сырга шамал жок,
Санаамда турасың амал жок.
Сары Ойдо жалгыз олтурсам,
Санаа айланат башыма.
Айланайын атаке ай,
Самасам жоксуң кашымда.
Ойнобой ойлоп олтурсам,
Ой ойлонот башыма.
Айланайын, атаке ай,
Ойлосом жоксуң камышда.
Беш-бештен өргөн чачым ай,
Как он беште убагым,
Убагында бербеген,
Атама жетсин убалым.
Кызылдан соккон курагым,
Кыз он беште убагым.
Убагында бербеген,
Атам Саралага жетсин убалым.
Кыйрасын тулпардын туягы ай,
Кууратты жердин ыраагы ай.
Түгөнсүн тулпардын туягы ай,
Түгөнбөйт го жердин ыраагы ай,
Кеткен бир жолун карадым,
Атаке ай, келеби деп самадым.
Келбесинди билген соң,
Кейишимди ичке камадым
Калган бир жолумду карадым.
Атаке, кайрылбайт деп самадым.
Кайрылбасың билген соң,
Кайгымды ичке камадым.
Көзүмдүн жашы төгүлдү,

Атакем, келбей бир тургандай көрүндү,- деп көңүлүм бузулуп, качып чыкмак болдум. Ошол кезде ысыккөлдүк өкүл атам бар эле. "Ээ, өкүл ата, мен качып кетейин деп атам. Кандай кылып кетем? "дедим. Ага атам көк жоргону бага бер деп, бирок, кетеринде бербей коюп, атам жөө кеткен. "Ээ, балам, көк жоргону өлтүрүп чыкпасаң, же минип чыкпасаң сени кармап алып, чымындай жаныңды чыркыратып, өлтүрүп салат"- деди. Бир базарда барып кичинекей уу алып келди. Атты базарга минип барып келип, ары – бери жетелеп, дарбазага аса байлап койду. "Анан чылбырын бошотуп койсо ат жата калат. Жата калганда ууну мурдуна тыга койсо бышкырат, бышкырган менен мал болбойт. Башы шишип өлүп кетет "- деп айтты.

Ошентип, атты жетелеп келип, аса байлап койдум. Анан ошентип койсом, ат бышкырып жатып калды. Бир маалда кайним чыга калып : "Аке, аке, атты күйүктүрүп койгон турбайсыңбы?! Ат өлгөнү жатат "- деди. "Кайдан күйүксүн? "деп эшикке чыкты эле, ат бычакка келген жок, өлүп калды. Атты мууздашты. Эсим чыгып атат.. Ошентип, "Аттан айрылдым, эми кетейин "деп көңүлүм бузулду. Аттан казы чыкты, алар казылап сойгонду билжалдым.

"Энекебай, арбагың колдосун, кетип баратам, арбагың жөлөп таяр бекен?! "деп ыйладым. Анан ошону менен, качып чыктым.

Жети-сегиз күнгө чейин эл тапканым жок. Жүрүп эле олтурам. Бир жардын астына, бир үстүнө чыксам, бир келин жатат. Ал да мендей качып чыккан экен. Карасам, башында ак баштык жатат, баштыкта жүгөрү талканы бар экен. Мен экинчи кочуш жүгөрү, анан дандырга жапкан экинан алгам. Ошол эле күнү элге жетем деп, ойлогом да. Баягы келинди "тур "десем козголбойт, өлүп калыптыр. Ошол келиндин талканынын пайдасы мага тийди, болбосо ачкадан өлүп калмак экенмин.

Ошентип, эл таппай жүрүп, жети күн болду. Таштын башына чыгам, тал көрүнсө токойдун башына чыгам. Уктап калсам, чалкаман кетип калбайын деп, колумду бычактын куру менен байлап коём. Ошентип, жүрүп олтуруп, сегизинчи түн болду. Сегизинчи түн болгондо бир таштын башына чыктым. Уктап калыптырмын, таңга жуук болуп калыптыр. Бир маалда таштын биягында эки от, тиягында эки от жылтырап эле тегеренет. Мен жаткан таш үйдөй болгон чоң таш болчу. Жаныма таш үйүп алгам. Жакшылап карасам, эки карышкыр тегеренип, ташка чыга албай туруптур.

Ошол жерден кыйкырып – бакырып, таш менен койгуласам, жоок дегеле тоотпойт. Аңгыча таң атты. Бир маалда чоң карышкыр секире баштады, мени көздөй. Туруп турам. Колумда кол үзөңгү, ташка чапканда "дың", "дың"деп турган. Ошол үзөңгүнү боосунан кармап туруп, болгон күчүм менен тартып ийдим! Карышкыр чалкасынан кетти. "Өлдү го "десем жо- ок калжаңдап тура калды кайра. Бир көзүн чыгара чаап тырмын. Көзүнөн кан жая берди. Ошону менен коркту да, төө куйрукка көчүгүн коюп олтуруп тоонун башына чыкты. Биягы тоо, тиягы чап. Өлүк жеген иттердин кабышканы угулуп жатат, жакын эле жерден.

Ошентип, тоонун башына барып, чоң карышкыр жатты окшойт. Жакшылап карасам, кулагын тикчийтип мени карап ту-

*(Уландысы 5-бетте)*

# Кайгылуу тарыхыбыздын каарманы

(Башталышы 4-бетте)

рат. Кой, деп, бияктагы таштын башынан секирип түштүм да, жардын астына бардым. Ал жерден ылай суудан жата калып ичип, баягы талкандан жалап коюп, жөнөдүм. "Эми эмне кылам, алтүндө жейт го" деп жардын асты менен жүгүрүп баратсам, баягы экөө табылгынын астынан түшүп келатат. Көрө коюп эле кыйкырып, үзөңгүнү ташка чаптым. Бычак менен "сениби "деп кезесем, экөө туруп калышты. Кайра чуркап, бияктагы тумшукту имерилдим. Күн бата турган болуп калды. "Эми булар мени жейт экен "

деп ойлоп чоң ташты улап чуркадым. Чуркап эле баратам. Бир маалда күн батты. Дагы эле кетип баратам. Бир кезде алдымдан тоо өңдөнүп, от көрүндү.

Анан мен ойлодум : "Ии, албарстылар от жагат дечү эле. Карышкырга жем болгончо, ушул албарстыларга жетип жыгылайын! "деп, жанымды үрөп жүгүрүп жөнөдүм.

Арылбайт го арманым,  
Кайгыга ичим жык толуп.  
Кетти го менин дарманым,  
Дартым бир толду, даба жок.  
Ичим бир күйдү боорум жок.  
Күйдү бир десем түтүн жок,  
Жүгөрүдөй бүтүн жок  
Каным калды бир кашык,  
Этим калды көк жашык  
Айланайын, атаке ай,  
Алган бир акчаң арамбы  
Карышкырга жем болуп,  
Мен как талаада каламбы?  
Үзөңгү, бычак белимде,  
Аман бир барып көрөмбү,  
Кочкор, бир Жумгал жеримди.

Ушинтип, ырдап олтуруп, баягы откo барсам эл бар экен. Ай сүттөй жарык, он беши болуп калган. "Ой, киши жүрөт, киши жүрөт! "деп калышты. "Сарыбагыштын кызы элем, качып келатам. "дедим. Анан алар жабыла эле мага чуркап калышты. Мен кайра чынымды айтып : "Жумгал саягы болом "дедим. "Жумгал саягынан ким дегендин кызы болосуң? "дешти. "Базар Туруктан мойнок Сараланын кызымын "дедим. "Ой, сен Тырнактай болуп жүрбө? "дейт бирөө. "Ооба, сиз ким болосуз? "десем, мен өзүм окуган чүйлүк Дөөталы деген молдо экен. Ошентип, ошого жолугуп калып, анын бир жашар кызы бар экен, ошону жолдо көтөрүп, анан элге кошулбадымбы. Эки – үч күндөн кийин белди ашып калдык.

Белди ашып баратсак, Бокчу деген агаларыбыз кетип баратыптыр. Анын аялы Шайык деген жеңем менен кучакташып көрүштүм. "Садагаң кетип калайын, качан чыктың эле? деп ыйлап калды. Ошону менен жүрүп олтуруп, эки ай жол басып, Кочкордун Мантыш деген жерине келдик. Анан Бокчу абамды айттым : "Мурда барсаң Тырнактай келатат деп, сүйүнчүлөп кой, кийин барып калсаң, анда өзүбүз кабарлайбыз "дедик. Анан абам мурда барыптыр. Атам барам деп камынса, Кукем (Куйручук) айткан экен : "Ой, Сарала сен убара болбо, аз күндө жолборстон (мени айтып жатат) кабар угулат. Бөөдө кайчы өтүп кетесиң! "деп. Ошол Кукемдин кеби менен атам токтоп калган экен. Ошону менен мен барганда астымдан Куйручук чаап барды : Айланайын илбирсим, кагылайын жолборсум! Мына келет дегемин! – деп эле аттан оодара тартып, ыйлап да баратат.

Ошентип, Турпандын Ак Суусунан Кочкорго эки айда келгем.

...Тепкедейдин даңкы далайга кетти. Эл алдында ата – энеси, ага – туугандары ансайын көтөрүлдү. Бир чети ошол кездеги куу тумшук турмушка наалат айтышты. Өз бактысын талашып, өлбөй тирүү келген Тепкедей апанын ошол кездеги кылган иши чындыгында эле эрдик эле!

Кыргыздын мендей канчалаган шордуу кызы үркүндүн азабынан малга сатылды. Атам мени эки муунап, соодалады. Он бешке чыкканча эки күйөөгө берди. Ошол кезде өлкөгө орногон жаңы турмуш гана менин багымды ачты,- деген Тепкедей Акунаалы деген адамга турмушка чыгып, 16 бала төрөп, анын он төртүн аман-эсен өстүргөн. Өмүрлүк шериги менен бирге колхоздо койчу, саанчы болуп иштеген.

**Турганбек ШАЙЫКОВ,**  
**Кыргыз Республикасынын Журналисттер союзунун мүчөсү.**